**«Достукча» микрокредиттик компаниясы» ЖЧКсы**

**«Ишеним» Кредиттик Бюросу» ЖАК**

**«КРИФ Кейджи» Кредиттик Бюросу» ЖАК**

**Кредиттик маалымат субъектисинин**

**ал жөнүндө кредиттик маалыматты суроого**

Бишкек шаары «____» __________ 2025-ж.

Мен, Кыргыз Республикасынын жараны [Аты-жөнү толугу менен], туулган күнү [күнү/айы/жылы], [паспорттун сериясы жана номуру], [**паспортту кайсы орган жана качан берген**], ЖДН: ______________________, мобилдик телефону: [телефон номуру], электрондук почта дареги: [e-mail], дареги боюнча жашаган: [паспорт боюнча каттоо дареги], 2008-жылдын 14-апрелиндеги № 58 «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин жана 2014-жылдын 25-ноябрындагы № 160 «Кредиттик маалымат алмашуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин жоболорун жетекчиликке алып, ушуну менен аң-сезимдүү, билип туруп, өз каалоом менен жана өз кызыкчылыгымда «Достукча» микрокредиттик компаниясы» ЖЧКсынын ыйгарым укуктуу кызматкерлерине финансылык-кредиттик уюмдардын (анын ичинде БэФКУ жана башка тиешелүү финансылык (кредиттик) мекемелер) жана башка юридикалык / жеке жактардын ортосунда кредиттик таржымалды түзүүнү жана аларды алмашууну жүзөгө ашыруучу Кыргыз Республикасынын кредиттик бюролорунан мен жөнүндө ар кандай маалыматтарды алууга, анын ичинде кредиттик тобокелдиктерди азайтуу, карызга жол бербөө жана «Достукча» микрокредиттик компаниясы» ЖЧКсы менен түзүлгөн кредиттик келишим боюнча менин милдеттенмелеримдин аткарылышын камсыз кылуу жол-жобосун жөнөкөйлөтүү максатында маалыматтарды чогултуу, сактоо жана иштетүү үчүн өзүмдүн толук жана шартсыз макулдугумду берем.

Мен, Кыргыз Республикасынын жараны [**Аты-жөнү толугу менен**], кредиттик бюролордон алынган бул маалыматтарга мен жөнүндө маалыматтар (жеке жактын аты-жөнү, жынысы, туулган күнү, жашаган дареги, каттоо дареги, иштеген жери, ишмердүүлүгүнүн түрү жана башкалар), мени идентификациялоого мүмкүндүк берүүчү башка маалыматтар, менин түзгөн кредиттик бүтүмдөрүм жана алардын аткарылышынын абалы жөнүндө маалыматтар, менин кредиттик келишимдер / зайым келишимдери боюнча акчалай милдеттенмелерим жөнүндө маалыматтар, кредиттик таржымалды түзүү күнү жөнүндө, ошондой эле кредиттик таржымалды түзгөн кредиттик бюро жөнүндө маалыматтар кириши мүмкүн экенин толук түшүнөм жана тааныйм.

Мен, Кыргыз Республикасынын жараны [**Аты-жөнү толугу менен**], мындай макулдукту берүү менен мен аң-сезимдүү түрдө, өз каалоом менен жана өз кызыкчылыгымда аракет кылып жатканымды тастыктайм.

Мен, Кыргыз Республикасынын жараны [**Аты-жөнү толугу менен**], ушул Макулдук жөнөкөй электрондук кол тамга менен кол коюлганына жана Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 19-июлундагы №128 «Электрондук кол тамга жөнүндө» Мыйзамына ылайык менин өз колум менен коюлган кол тамгам менен кагаз жүзүндөгү документке тең болгон электрондук документ болуп саналаарына макулмун жана тааныйм. Менин мобилдик

Sun Finance Group - Internal Use Only

телефонума SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн тастыктоо үчүн атайын кодду – [SMS код] киргизүү (активдештирүү) жолу менен жөнөкөй электрондук кол тамга менен кол коюлду.